
# Тагдырын таланты менен жеңген акын

**Кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал, чыгаан акын Өмүркул Кулумбаев эне сүтүнөн бүткөн жаркын таланты, майтарылбас эрки, жашоого болгон кумары, үмүт-тилеги, талбаган эмгеги менен кыргыз поэзиясынын төрүнөн ордун тапкан акын.**



Акын Өмүркул Кулумбаев 1933-жылы Ат-Башы районундагы Терек-Суу айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Эки жашында атасы каза болуп калат. Желкеден алган жетимдиктин азабын тартып, жетишпес турмуштун оор шартында балалыгын өткөрөт. 1940-жылы Терек-Суу айылындагы жети жылдык мектептин босогосун аттайт. Жетинчи классты бүткөндөн кийин окуусун ушул эле райондогу Кара-Суу орто мектебинен улантып, 1950-жылы орто билимге ээ болот. 1951-жылы Фрунзе шаарындагы кесиптик техникалык окуу жайын бүткөрүп, басмаканада иштөө полиграфист адистигин алат. Аскерге чакырылып, Советтик Армиянын катарында үч жыл кызмат өтөп келип, 1954-жылы Нарын облустук басмаканасында арип-терүүчү болуп иштейт. 1956-1959-жылдары Нарын шаардык аткаруу комитетинде кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. 1959-жылы Тянь-Шань облустук аскер комиссариатына начальниктин орун басары-финансалык административдик бөлүмдүн башчылык кызматына дайындалат.

Жары Макеева Турганбүбү экөө Замир, Эмил, Гүлмира аттуу уул-кыздуу болушат. Ынтымактуу үй-бүлөлүк бакыттын кучагында балкып, дос, жоро-жолдошторду күэргип, кайраттанып, поэзия айдыңына биротоло сүңгүп кирип, дүйнөлүк поэзиянын шедеврлеринин катарына катарлашууга умтулат.

Акын Өмүркул ага менен 1969-жылдын күз айларында тааныштым. Ат-Башы райондук «Жеңиш жолу» гезитинде иштеп, маданият бөлүмүн жетектөөчүмүн. Жогоруда айтылгандай акын аганын алгачкы ырлар жыйнагы жарыкка чыккандан кийин чыгармачылык таскагы күчөп, эки жылдан кийин 1971-жылы «Кыргызстан» басмасынан «Менин эрким» деген экинчи ырлар жыйнагы чыкты. Ошол китебине «Кымбатым, Тынчтык! Жашаганга кубанбай, жашагандай жашай алды деп айттыргыдай жаша!» - деген кол тамгасын 1972-жылы 19-июлда жазып берген экен. Бул китеп бүгүнкү күнгө чейин төкмөмдө сакталуу.

Лениндин жүз жылдык маарекесине карата уюшулган республикалык адабий сынакка «Ленин жөнүндө ойлор» деген публицистикалык поэмасы менен катышып, Кыргызстандын комсомолунун Борбордук Комитетинин жана Кыргызстандын Жазуучулар союзунун баш байгесин жеңип алган. 1974-жылы СССР Жазуучулар союзунун жана Кыргызстандын жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган. Ушундай жакшы жөрөлгөлөргө көтөрүлгөн акын адабият майданында өз ордун, өз үнүн табуу аракетинде көркөм сөздүн кудуретине өзгөчө маани берип, ырларынын ар бир сабында окурманды өзүнө тарта билген терең сезимди пайда кылып, поэзиянын керемет дүйнөсүнө тартып, ырахат тартуулаган онлогон, жүздөгөн ырларды жаратты. Табына келген кубагыштап, Ардак грамоталарын, белек-бечкектерин тапшырышкан. Акын Өмүркулдун ошол элүү жылдык маарасе тою эл арасында көпкө чейин аңыз болуп айтылып жүрдү. Кийин акын аганын өткөрүлгөн алтымыш, жетимиш, жетимиш беш жылдык маарекелерине алып баруучу болдум. Бирок, «кардыма эмес, кадырыма ыйлайм» - дегендей акындын маарекелери компартиянын тушундагыдай деңгээлге жеткен жок. Акындын жетимиш беш жылдыгында раймамакимдин эшигин тындырбай, тынчын алып, маселени кабыргасынан коюп жүрүп, акын Өмүркул Кулумбаевге Ат-Башы районунун Ардактуу атуулу деген наамы берилди. Ошол эле учурда райондук мамлекеттик администрациянын кийлигишүүсү менен Терек-Суу айылындагы китепканага Акын Өмүркул Кулумбаевдин атын койдурууга жетиштим. Райондун борбору Ат-Башы айылынын бир көчөсүнө ысмын койдурууга көргөн аракетиме кыргыздын көралбастыгы, ич тардыгы, карөзгөйлүгү бөгөт болду. Акын буга муктаж деле эмес эле. Менин мындай аракеттеримди ал кишиге билдирген жокмун. Райондун Ардактуу атуулу деген наам 75 жылдыгынан кыйла кечигип берилип, күбөлүгүн кийинчерээк Бишкек шаарында жашап жатканда алып барып тапшырдым.

Өмүркул ага менен 40 жылдай жакындан тааныш-билиш ага-ини болуп катарлаш жүрүп, ал кишинин ден соолугунун начардыгы, же сыркоолоп калгандыгы тууралуу өз оозунан бир да жолу сөз укпаптырмын. Качан, кандай учурда жолукпайын жадырап-жайнап, тамаша сөзүн жаадырып, турар эле.

Ал кишинин кээде комдонуп алып, барпаңдап, чер жазыла сүйлөп олтурган учурда,

...«Бүркүт да өбөктөп ыйлайбы,
Билгенби, ким көргөн мындайды?!
Башына иш түшсө сыр бербей,
Бажаңдап комдонуп турбайбы?!» - деген ыр саптары жадыма келээр эле. Акын өзү жөнүндө жазгандай сезилчү мага. Чындыгында бүркүттөй бийиктикке атылып чыгып, шаңшып учкан, айбаттуу, сүрдүү дагы, эч нерседен тайман-

турмуш кечирип жүргөндө 1961-жылы кызматтык командировкада автокырсыкка кабылат. Ичсе ашка, иштесе ишке тойбой турган жыйырма сегиз жаштагы Өмүркул эки буту баспай, биринчи топтогу майып болуп төшөктө жатып калат. Бейкут турмуштун шарданында жаркылдап жайнап, дуулап күлүп, ээн-эркин жүргөн жигит кош балдакка өбөктөп, ааламды терезеден карап, капаска түшкөн куш кейпин кийет. Тагдырдын башка салган оор залакасына кайгырып, капаланып кыйла чүнчүйт. Алты саны аман болсо курбу-курдаштардан калбай жүрбөйт беле... Күлкүсү күйүткө айланган Өмүркулга жакшы адамдардын акыл-насааттары дем берди, чыйралтты. Өзүн-өзү алаксытып көп окуду. Билимдүү жакшы санаалаштарынын бири Николай Островскийдин «Болот кантип курчуду» деген китепти алып келип берди. Улуу Ата Мекендик согушта эки бутунан ажыраган советтик учкуч Алексей Мересьевдин эрдигин баяндаган дагы бир китепти таап алып, кайра-кайра окуудан тажабады. Ой-санаасы өзгөрдү. Жашоодон күдөрүн үзбөй, ой-чабыты алысты-алысты самап, жаштык кайратына келип, кеч болсо да тобокелге салып колуна калем алып, ыр жазууга бел байлады. Бул 1966-жыл эле. Ошентип, 33 жашында поэзия айлына аралашып, чарчап-чаалыгууну билбей күн-түнү ойлонуп, толгонуп ырларды биринин артынан бирин жазды. Эки буту баспаганы менен жан кейиткен оорусу басаңдап, бар байлыгы, кубанычы, сүйүнүчү, күйүтү, эмгеги ырга айланды. Ыр жазууга болгон дымагын, дараметин, жөндөмүн өзү таразалап, өзүнө-өзү сынчы болду. алгачкы ырлары республикалык, облустук, райондук мезгилдүү басма сөздөргө анда-санда жарыялана калып жүрдү.

1968-жылы кыргыздын белгилүү акын-жазуучулары Ат-Башы районуна келип, эл менен жолугушууларды өткөрүп, чыгармалары менен тааныштырып жүрүшүп, оорулуу Өмүркулдун дайнын угушат. Кийинчерээк Кыргыз эл акындары болушкан Темиркул Үмөталиев, Эсенгул Ибраев, Ленин комсомолу сыйлыгынын ээси, акын Жолдошбай Абдыкалыковдор Терек-Суу айылында жашаган Өмүркулдун үйүнө барышып, турмуш шарты, чыгармачылыгы менен таанышышып, кеп-кеңештерин айтышат. Ошол жылы Өмүркул Кулумбаевдин татаал тагдырын, чыгармачылык шык-жөндөмүн баяндаган макалалар, элеттик ыр ышкыбосунун ырлары республикалык гезит-журналдарга жарыяланат. Акындар Эсенгул Ибраев, Жолдошбай Абдыкалыковдордун жардамы, колдоосу менен Өмүркулдун алгачкы (тырмак алды) ыр топтому – «Турмуш кайрыктары» деген чакан китеби 1969-жылы «Мектеп» басмасынан жарык көрөт. Ушул китеби чыккандан кийин айылдык акын аталган Өмүркулдун чымырканган чыгармачылыгы убакыт өткөн сайын чыйралып, акындык дымагы, дараметин даана сезилип, окурман чөйрөсүнө кеңири таанылa баштайт:

Эй заманым, ук уулуңдун, ук үнүн!
Жигит дебе тоо көтөрүп бербесем,
Миң кылымдын камтып өтөм түйшүгүн,
Мен эмине, Корчагинден кем бекем? – деп

чыгарууга жетишти. Тактап айтканда 1973-жылы «Каккын жүрөк», 1974-жылы «Менин үнүм», 1976-жылы «Уч, кыялым», 1980-жылы «Бийик Дабандар», 1982-жылы «Көктөм жыты» ырлар жыйнактары басмакананын сыры кургай электе эле биринен сала бири жарык көрдү.

1983-жылы акын Өмүркул Кулумбаевдин элүү жылдыгы Ат-Башы районунда зор салтанат менен белгиленди. Мен (ушул макаланын автору) ошол маарекелик чогулушту уюштуруп, даярдоочулардын бири катары жана маарекенин экинчи бөлүгүнүн алып баруучусу (тамадасы) катары аралашып жүрдүм. Акындын 50 жылдык маарекесинин



расмий бөлүгү Ат-Башы айылындагы Чатыр-Көл кинотеатрынын 300 орундуу залында өткөрүлдү. Эл батпайт. Залда олтурарга орун жок. Мындай даңазалуу маарекенин мурда-кийин болбогондугу чоң жаңылык катары элди кызыктырган. Экинчиден эки буту тең баспай, төшөктө жаткан адамдын акын болуп, кыргыз журтчулугуна кеңири таанылып, аны-барктап баалап, борбордон, облустан чоңдордун келиши ого бетер таң калтырган учур эле.

Ошол салтанатка «Советтик Кыргызстан» гезитинин редактору Т.Ишемкулов, Кыргызстандын Жазуучулар Союзунун төрагасы Т.Аскаров, жазуучу-акындар Ш.Бейшеналиев, Т.Үметалиев, Э.Ибраев, Ж.Абдыкалыков, облустун, райондун жетекчилери катышышып, куттуктоо сөздөрүн ушул. 49 жыл эки буту баспай төшөктө жатса да адамдык ар намысын бийик кармап, кабагым-кашым дебей, болоттой курчуп, бүркүттөй шаңшып татаал тагдырын ыр менен жеңип, духу күчтүү, жалындуу ырларды жаратып, талыкпаган эмгеги, таасын таланты менен өзүнө-өзү ырдан түбөлүктүү эстелик тургузду.

Өмүркул Кулумбаевдин ондогон ырларына обондор жаралып, эл арасында кеңири тарап, баа жеткис руханий байлыкка айланып кетти. Акындын «Энекебай» деген обондуу ыры эне жөнүндө гимнге айланган. «Ошо да кыргызбы», «Таппай жүрөм», «Сүйкүмүм», «Кыйбасым» ж.б. деген обондуу ырларын кимдер гана билбейт...

Ал киши акын гана болбостон журналист да болгон. Өз учурунда өлкөнүн түрдүү тармактарында жетишилген ийгиликтерди, кемчиликтерди чагылдырган үч жүздөн ашык ийине келтире жазган публицистикалык макалалары, фельетондору республикалык, облустук, райондук мезгилдүү басылмаларга басылып турган.

Бүгүнкү күнгө чейин акындын калеминен жаралган 14 ырлар жыйнагы жарык көргөн. Дагы жарык көрө элек чыгармаларынын топтому папкелерде сакталуу. Ал келечектин иши.

**Т. СУЛТАНОВ.**